Бир гана кара алдыга

Сөзү: Байдылда Сарногоев
Обону: Мирланбек Давлатов
Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Үмүтсүз адам тири өлүк,
Үмүттүү жаша түбөлүк.
Көксөгөн ойго жеткенче
Көңүлдө турсун гүл өнүп.

Күлкү-шат менен өмүр сүр
Кул болбо куса,кайгыга.
Бүт болот максат, тилегиң
Бир гана кара алдыга.

Ичиңден иргеп ылгай бил
Ойлордун жакшы, жаманын.
Жаманы жапа чектирет,
Жакшысын гана самагын.

Кайырма:

Кубаныч кирсе үйүңө
Кубанып эле олтурбай,
Кучакташ, жытташ эзилип
Кыйышпас кымбат досуңдай.

Кайырма:

2018-жыл